**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №6 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2026-жылдын 16-январы
Ош шаары, ЭМФ 2, 201-каана
Төрага – каф.башчысы Амиралиев С.М.
Катчы – Исаева М.А.
Катышкандар: 19
Келбегени: жок

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

1. 2026-2027-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогун (КЭДди) талкуулоо жана сунуштоо.

**УГУЛДУ:**

Кафедра башчысы ф.и.д, доцент С.М.Амиралиев күн тартибинде каралуучу маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана элективдүү дисциплиналар каталогу боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Ф.и.к., доцент М.Исаева: – 2026-2027- окуу жылы үчүн биз кыргыз тили дисциплинасына байланыштуу саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү аталышындагы дисциплинасын сунуштайбыз. Аталган дисциплинанын негизин медицина багытында окуган чет өлкөлүк студенттердин өндүрүштүк практикаларын Кыргызстанда өтөөсү жөнүндөгү буйрук болуп саналат. Чет өлкөлүк студенттердин бейтап менен баарлашуу, коммуникация сыяктуу көндүмдөрүн калыптандырат. Студент кыргыз тили боюнча алган билимдерин аталган дисциплинада улантат, бекемдейт. Андыктан аталган дисциплинаны сунуштайбыз.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Ф.и.к., доцент А.Жолдошева: – Мен да аталган дисциплинаны сунуштаймын. Анын пререквизити: кыргыз тили, ал эми постреквизити: өндүрүштүк практика болуп саналат. Бул дисциплинаны окутуунун максаты деп төмөнкүлөрдү белгилейбиз: өндүрүштүк практикада кесиптик кыргыз тилин өз кебинде пайдалануу, жергиликтүү бейтаптар менен кыргыз тилинде баарлашуу, мамлекеттик тил катары тил билүү көндүмдөрүнүн туруктуу өнүгүүсүнө жетиштирүү болуп саналат.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Улук окутуучу А.Маматова – Мен да аталган дисциплинаны элективдүү дисциплиналар каталогуна киргизүүнү колдойм. Сунушталып жаткан дисциплинанын максаты кыргыз тилинен алган билимдерин өндүрүштө пайдалануу көндүмдөрүн

калыптандыруу болуп саналат. Андан сырткары аталган дисциплина чет өлкөлүк студенттердин күнүмдүк жана кесиптик иш чөйрөлөрүндөгү социалдык-коммуникативдик маселелерин чечет деген ойдобуз.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кафедранын отуруму төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2026-2027-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогу (КЭД) талкууланды деп эсептелсин.
2. 2026-2027-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогуна саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү дисциплинасы сунушталсын.

Төрага: Каф.башчысы Амиралиев С.М.

Катчы: Исаева М.А.

2026-жылдын 16-январы